2022-жылдын 1-сентябрындагы
№1 педкеңештин чечими менен
кабыл алынды

БЕКИТЕМИН
Шарыпбек Абдылдаев атындагы
орто мектебинин директору:
_______________Т. У. Исаев
1.09.2022-жыл

**Мугалимдердин этикасы жөнүндө жобо**

**I.Жалпы жоболор**

1.1 Мугалимдин этикасы жөнүндө жобо жалпы кесиптик этиканын жыйындысын түшүндүрөт. Жобо мугалим өз ишмердүүлүгүндө жана мектепте эмгек милдеттерин аткаруу учурунда мектептин баалуулуктарын, жүрүш - туруш эрежелерин, мектептин ички жана эмгек тартиптерин жетекчиликке алууну сунуштайт.
1.2 Этика жөнүндө жобонун максаттары:

- мугалимдин ишмердүүлүгүн жана жүрүм-турумун укуктук, ыймандык жана этикалык ченемдерге, кесиптик этикасын ченемдерине ылайык уюштуруу;
- мугалимдердин өзүн-өзү көзөмөлдөөсүн өнүктүрүү жана эмгек жамаатында моралдык-психологиялык ички жагдайды жакшыртуу;
- мугалимдерге жүктөлгөн функцияларды аткарууларынын натыйжалуулугун камсыз кылуу;
- мугалимдин кадыр-баркынын бекемделишине көмөк көрсөтүү, педагогдук кесиптин кадыр-баркын жогорулатуу;

**II.Мугалимдин жүрүш-турушунун этикалык эрежелери**

2.1 Мугалим милдеттүү:

- Мугалимдик ишмердүүлүктү жогорку моралдык-этикалык, психологиялык окутуучулук деңгээлде жүзөгө ашырууга умтулууга;
- укуктук, ыймандык жана этикалык ченемдерди сактоого;
- мугалимдин коомдогу ролун жана ордун, анын иштөө функцияларын, ыкмаларын түшүнүүгө;
- өзүнүн уюштуруучулук жөндөмүн, кесиптик ар тараптан түшүнүктүүлүгүн, укуктук жана жүрүш-туруш маданиятын өнүктүрүүгө, моралдык- этикалык жогорку сапатка ээ болуусу;

– өзүнүн кесиптик деңгээлин тынымсыз жогорулатууга, өзүнө-өзү талап коё билүүсүнө, билим деңгээлин өнүктүрүүгө ;
– кесиптештери менен өнөктөштүк, жамаатчылык жана өз ара жардам берүү принциптерине негизделген ишкер жана кайтарымдуу мамилелерди орнотууга, эмгек жамаатында жагымдуу моралдык-психологиялык жагдайдын түзүлүшүнө шарт түзүүгө;
– кесиптештерине жылуу сөзү жана көрүнүктүү иши менен жардам кылууга, моралдык-психологиялык көмөк жана колдоо көрсөтүүгө, кесиптештеринин суроо-талаптарынан жана муктаждыктарынын кабардар болуп турууга;
– жамаатта кесиптик этиканын принциптеринин жана ченемдеринин негизинде өз ара мамилелерди жөнгө салууга:
– жааматта ар кандай пикир келишпестиктерден ушак-айыңдардан, калпыстыктардан жана эки жүздүү иш аракеттерден алыс болуусу;
– мектепте ачыктыктын жана маалымдуулуктун жогорку деңгээлинин
– болушуна жетишүүгө, ошондой эле өзүнүн жана мектептин ишкер абалына жана кадыр-баркына зыян келтире турган чыр-чатактуу жагдайларга жол бербөөгө;
– өлкөдө жашап жаткан улуттардын каада-салттарына жана маданиятына сый мамиле жасоого, ар кандай этникалык, социалдык топтордун маданий жана башка өзгөчөлөктөрүн эске алууга;
– мугалимдик кызматтагы милдеттерди аткарууга жолтоо болгон кандайдыр бир жекече, мүлктүк (каржылык) жана башка кызыкчылыктардын пайда болушу менен байланышкан аракеттерди болтурбоого;
– педагогикалык маданияттуулукту (педагогикалык ой жүгүртүүсү, сүйлөө манерасы, речи, классикалык формада кийинүү стили) сакташы керек.

2.2 Мугалим кесиптик жетишкендиктин, уюшкандыктын, жоопкерчиликтин, эмгек жана аткаруучулук тартиптин, ишкер кадыр-барктын, өзүнүн жеке жүрүм-туруму менен чынчылдыктын, өз ишине берилгендиктин жана адилеттүүлүктүн үлгүсү болуугу тийиш.

2.3 Мугалим төмөндөгү иш - аракеттерге жол бербейт

- кесиптештерине карата орой мамиле жасоого, үнүн көтөрүп суйлөөгө, жок жерден асылууга, кемсинткен сөздөрдү, курулай сындарды айтууга, арзыбаган жана мыйзамга туура келбеген айыптоолорду коюууга;

- пикир алышууларда коркутууларга барууга, адамдын аброюна шек келтирген сөздөрдү жан пикирлерди айтууга, аракеттерди жасоого;
- социалдык жактан колдоого ээ болбогон адаттарды (тамеки тартуу, спирт ичимдиктерин ичүү, сөгүнуп сагынуу) көрсөтүүгө;
- чечимдерди кабыл алууда шашмалыкка жол бербөөгө, мугалимдин этикасынын талаптарына жана ченемдерине шайкеш келбеген каражаттарды колдонууга.

2.4 Мугалим эмгек жамаатынын мүчөлөрү менен баарлашууда ийкемдүүлүктү, сылыктыкты, сабырдылуукту көрсөтүшү, сүйлөө маданиятын сакташ керек. Сүйлөшүү жеткиликтүү, ачык жана жылуу маанайда болуп, пикир алышууда адамкерчиликтүү болушу керек.

2.5 Мугалим билими, тажрыйбасы жана билгичтиги менен катар өз билимин дайыма жогорулатып туруусу зарыл.

2.6 Мугалимдин эмгек милдеттерин аткаруудагы тышкы көрүнүшү мугалимге карата сый мамиленин жаралышын шарттап турууга тийиш, токтоолугу, тыкандыгы менен айырмаланып, үлгүлүү болууга тийиш.